# Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата «Эне тили болбосо, аты аталбайт улуттун» аталышындагы өтүлгөн иш-чаранын анализи

**17.09.2021-жылы аталган иш-чарага карата Гуманитардык УБ жетекчиси Сыдык к Жазира тарабынан план иштелип чыгып, директор тарабынан бекитилген соң,ошол эле күнү жалпы класс жетекчилерге билдирилип, даярдык көрүүлөрү айтылган. Программа боюнча саламдашуу 11-класс, кыргыз тилинин гимни 9-класс, доклад 10-класстын окуучуларына берилип, 20-сентябрда Гуманитардык УБ жетекчиси тарабынан текшерүү болду. Аталган текшерүүдө 9-класстын окуучуларынын даярдыгы жок экени билинип, кайталап текшерүү 22-сентябрга жылдырылган. 21-сентябрда көркөм окуу, обондуу ыр, манасчы, дастанчылардын даярдыгы текшерилип, 2- 4-б, 5-6, 8-а, 10-11-класстын класс жетекчилери гана аталган программа боюнча окуучуларын тааныштырып, тизмелерин берип кетишти. 23-сентябрь 1-а,б класстардын ачык тарбиялык сабагы болуп, окуучулар, класс жетекчилердин даярдыктары жакшы экени билинип турду. Сабактар иновациялык технологияларды пайдалануу менен, окуучуларга жеткиликтүү болду. Окуучулар эне тил тууралуу көркөм окууларды тартуулап, берилген суроолорго так жооп берип жатышты.**

**21-сентябрь 2-11-класстар арасында кыргыз тили тууралуу слайд жасоо тапшырмасын 2-3-4-а,б, 6, 11-класстар гана аткарышты.**

**Аталган иш-чарага ар бир класстан окуучулар катышышып,бардык программа боюнча сынактар өтүлүп, аягында жеңүүчүлөр аныкталды. Көркөм окуу башталгыч класстан: Догдурбеков Байсейит 2-а класс, жогорку класстардан 10-класстын окуучусу Чокморова Айжан, 11-класстын окуучусу Кенжебек кызы Диана,обондуу ыр: Усубалиева Бегимай 4-б класс, манас айтуу боюнча: Карыпбеков Бек 8-б класс, Шергазиев Жанар 4-б класс, дастан айтуу боюнча 10-класстын окуучусу Молдокулов Байел. 9-11-класстар арасында уюштурулган «Жаш акын-жазуучулар» аттуу сынагында окуучулардын жазган эмгектери бизге келип жетпегендиктен, тилекке каршы өтүлгөн жок. Ал эми калган иш-чаралар өз убагында өтүлдү.**

**Жалпысынан аталган иш-чараны «жакшы» деп баалаар элем.**

Гуманитардык УБ жетекчиси: _____ Сыдык кызы Жазира

**Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин Гуманитардык усулдук бирикмесинин № 1 протоколу**

**08.10.2021-жыл**

**Ачык сабак**

**Мугалим:** Сыдык кызы Жазира

**Билими:** Жогорку

**Стаж:** 5 жыл

**Сабак өткөн классы:** 6-класс 21 окуучудан 18 окуучу катышты

**Ачык сабака катышкан мугалимдер:** Тунгатарова А, Орозалиева К, Бейшннбай к К, Асанбекова П, Кошалиева Н

**Угулду:**

Кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими Сыдык кызы Жазира

Бүгүнкү сабактын темасы: «Жандуу жана жансыз заттарды сүрөттөө », стандарттык эмес сабак, аралаш сабак болду. Сабактын максаты: Окуучулар жандуу жана жансыз заттарды сүрөттөөп, сүрөттөөнүн түрлөрү тууралуу толук маалымат алышат. Бүгүнкү сабакта алдыга койгон максатыма жеттим, бардык тапшырмаларды аткарганга жетиштик. Окуучулар жакшы түшүнүк алышты деген ойдомун, себеби, берилген суроолордун бардыгына жооп берип жатышты.

**Жарыш сөзгө**

Тунгатарова А. сүйлөдү: Сабактын тиби стандарттык эмес сабак, формасы аралаш сабак. Сабакта ТСО, түстүү сүрөттөр колдонулуп, окуу китеби менен да иштешти. Мугалим менен окуучунун байланышы , мугалимдин өзүн алып жүрүүсү абдан жакшы деп бааладым. Сабак максатына жетти, азаматсың! Ишиңе ийгиликтерди каалайм. Бир гана сунушум окуучулардын сүйлөө речин өнүктүрүшүң керек.

Бейшенбай к К. Сабак бардык структураларын сактоо менен өттү. Жагымдуу маанайды эң жакшы деңгээлде тартуулай алдың. Окуучуларды сабак учурунда топторго бөлүштүрүп алганың жакшы болду. Үйгө берилген тапшырманы сурап, өтүлгөн теманы кайталап, жаңы тема менен байланыштырып, практикалык иштөө, бышыктоо, жыйынтыктоо болду. 18 окуучудан 2 гана окуучуң баа албай калганы болбосо, күндөлүккө дагы бааларды коюп жетишип жаттың. Топтор арасында атаандаштык тартуулап, ар бир окуучуну өз убагында баалаганга жетиштиң. Азаматсың! Бир гана сунушум окуучуларга эрежени дептерлерине жаздырып койсон жакшы болмок. Ишиңе ийгиликтерди каалайм. Сабак максатына жетти.

Орозалиева К. Жазиранын сабактары дайыма бири-биринен айырмаланып, өзгөчөлөнүп, улам жаңы методдор менен коштолуп, бири-бирине окшобогон сабактар . Сабактын структуралары сакталды, окуучулар өз убагында бааланып жатты. Слайд абдан жакшы түзүлгөн. Талыкпаган эмгек, дагы да изденүүнү каалайм. Сабак максатына жетти, «эң жакшы» деп баалаар элем.

Кошалиева Н. Сабак бардык структураларын сактады. Стандарттык эмес сабак. Мугалим техниканы жакшы башкара билет, кандай гана кырдаал болбосун чыгып кете алат. Мугалим менен окуучунун мамилеси, мугалимдин өзүн алып жүрүүсү абдан жакшы. Ишине ийгилик каалайм. Сабак максатына жетти, «эң жакшы» деп бааладым.

Асанбекова П. Менин ачык сабак кирген максатым өзүмө керектүү жаңылыктарды алайын дегем. Мен жаңы маалыматтарды ала алдым. Сабагыныз абдан жакты. Ишинизге ийгилик каалайм.

**Чечим:**

1. Мугалим окуучулардын сүйлөө речине көбүрөөк көңүл бурсун

2. Окуучулардын дептер менен да иш алып баруусуна мугалим тарабынан көңүл бурулсун

3. Сабак « эң жакшы» деп табылсын

ГУБ жетекчиси: _______ Сыдык кызы Жазира

**Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин Гуманитардык усулдук бирикменин № 2 протоколу.**

**11.10.2021-жыл**

**Ачык сабак**

**Мугалим:** Орозалиева Кулкан Оморовна

**Билими:** Жогорку

**Стаж:** 37 жыл

**Сабак өткөн классы:** 8-а 13 окуучудан 12 окуучу катышты

**Ачык сабака катышкан мугалимдер:** Муралиева Г, Бейшенбай к К, Кошалиева Н, Кадыралиева Н, Сыдык к Ж

**Угулду:**

Кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими Орозалиева К.

Бүгүнкү сабактын темасы: «Сүрөттөөнүн обьектилери», стандарттык сабак, өтүлгөн темаларды системалаштыруу жана жалпылоо болду. Сабактын максаты: Окуучулар сүрөттөө жана анын түрлөрү боюнча алган билимдерин жалпылаштырышты. Менин берген суроолорума толугу менен жооп ала алдым. Сүрөт тартып, ошого жараша текст түзүп, сүрөттөөнүн обьектилери менен каражаттарын атап көрсөтүп жатышты. Бүгүнкү сабагым максатына жетти.

**Жарыш сөзгө**

Орус тили сабагынын мугалими Муралиева Г. сүйлөдү: Сабак бышыктоо сабагы болду. Окуучулар өтүлгөн теманы жакшы өздөштүргөнү билинип турду. Окуучулардын сүйлөө речи жакшы экен. Китеп менен да, ТСО менен да иштеп жатышты. Сабак максатына жетти. Ишиңе ийгилик каалайм.

Бейшенбай к К. Сабак бардык структураларын толук сактады. Бүгүнкү сабак мага абдан жакты. Мугалимдин өзүн алып жүрүүсү, окуучулардын жооп бергени абдан жакшы. Эженин сабагы дайыма жаңылыктар менен коштолуп турат, биз көп нерселерди үйрөнсөк болот. Бир гана сунушум окуучулардын сүйлөө речине көбүрөөк басым жасап, айтайын деген оюн толук жеткиргенге үйрөтүп койсоңуз. Сабак максатына жетти. Ишиңизге ийгилик каалайм.

Сыдык кызы Жазира. Сабак бардык структураларын сактады. Жагымдуу маанай тартуулоодо мугалим ыр түрүндө уюштурду. Окуучуларга да, бизге дагы жагымдуу болду десем жаңылышпайм. Мугалим тарабынан сабак абдан жакшы уюштурулган, окуучулар дагы өтүлгөн темаларды эң жакшы деңгээлде өздөштүргөн. Эженин сабагына кирип, аны анализдөө менен жан-дүйнөбүзгө дагы ырахат тартуулап алдык окшойт. Сабак максатына жетти. «Эң жакшы» деп баалаар элем. Ишиңизге ийгилик каалайм.

Кошалиева Н. Эженин сабагы Кулипа эже айткандай дайыма жаңылыктар менен коштолот. Бүгүнкү сабагыңыз эң мыкты деңгээлде өттү. Сизге чоң рахмат, ишиңизге ийгиликтерди гана каалайм.

Кадыралиева Н. Мен көп ачык сабактарга дуушар болгом, бирок бир дагы сабактан мугалим доскага сүрөт тарта койгонун кезиктирген эмесмин. Эже, сиздин талантыңызга баа бердим. Азаматсыз! башка эч нерсе деп айта албайм. Ишиңизге ийгилик, бекем ден-соолук гана каалап кетмекчимин.

**Чечим:**

1. Мугалим окуучулардын сүйлөө речине көбүрөөк көңүл бурсун

2. Мугалимдин «Көз ирмемдеги сүрөттөө» ыкмасы Гуманитардык УБ мугалимдерине таратылсын

4. Сабак « эң жакшы» деп табылсын

ГУБ жетекчиси:______ Сыдык кызы Жазира

**Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин Гуманитардык усулдук бирикмесинин № 3 протоколу**

**12.10.2021-жыл**

**Ачык сабак**

**Мугалим:** Кошалиева Назира Кадырбековна

**Билими:** Жогорку

**Стаж:** 25 жыл

**Сабак өткөн классы:** 11-класс 9 окуучудан 9 окуучу катышты

**Ачык сабака катышкан мугалимдер:** Абдыкулова Н, Джолдошева Г, Сыдык к Ж

**Угулду:**

Кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими Кошалиева Н

Бүгүнкү сабактын темасы «Чынгыз Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы». Сабактын максаты окуучулар залкар жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу толук маалымат алышат. Сабактын формасы аралаш, сабактын тиби стандарттык эмес. Мен алгач окуучуларды комуз, калпак деген 2 топко бөлүп алдым. Өтүлгөн тема сүрөттөр менен бышыкталып, жаңы тема тууралуу түшүнүк берилди. Эки топко тапшырмалар берилип, бааланды. Сабакта максат кылган бардык тапшырмаларды аткарганга жетиштим, сабагым максатына жетти.

**Жарыш сөзгө**

Абдыкулова Н. Сабактын бардык структурасы сакталды, бүгүнкү күн менен байланышты. Окуучулар үйгө берилген тапшырмаларды абдан жакшы аткарып келишкен. Өтүлгөн теманы мыкты өздөштүргөнү көрүнүп турду. Топторго бөлүнгөндө ыр менен бөлүндү. «Сандар сүйлөйт» ыкмасын жайылтуу керек. Бул ыкма бардык предметтерге туура келет деп ойлойм. Залкар инсандардын арасына Чынгыз Айтматовдун сүрөтү бар болсо, жаңы темага плавна өтүп кетмексиң. Бир гана сунушум окуучулардын сүйлөө речине көбүрөөк көңүл бурулуу керек. Сабак максатына жетти, «жакшы» деп баалансын.

Джолдошева Г. Эженин сабагы мага абдан жакты. Окуучуларга жеткиликтүү сабак болду деген ойдомун. Окуучулар өз убагында бааланып, бардык окуучуларга баалар коюлду. Бул да болсо чоң жетишкендик деп ойлойм. Ишинизге ийгилик каалайм.

Сыдык к Ж. Сабактын тиби стандарттык эмес, сабактын формасы аралаш сабак болду. Сабак бардык структураларын сактады. Окуучулар комуз, калпак тобуна бөлүнгөн. Бааланганда дагы кагаздан жасалган комуз жана калпактар менен бааланып жатты. Эгерде окуучулар жооп бере албай же болбосо туура эмес жооп берип калган учурда алардын упайлары улам кемип отурду. Ушул ыкма мага абдан жакты. Себеби, упайын тарттырып жиберген учурда окуучулар жанданышып, топтор арасында атаандаштык пайда болуп жатты. Сабак максатына жетти. бир гана сунушум топторго тапшырмалар бирдей деңгээлде берилсе. Себеби, калпак тобунун тапшырмасы жеңилирээк болуп калгандыктан комуз тобунаң биринчи бүтүрүп отуруп калышты. Сабакты «жакшы» деп таптым.

**Чечим:**

1. Мугалим окуучулардын сүйлөө речине көбүрөөк көңүл бурсун

2. Топтор менен иштөөдө бирдей тапшырма берилиши мугалим тарабынан көзөмөлдөнсүн

3. Сабак «жакшы» деп табылсын

ГУБ жетекчиси:________ Сыдык кызы Жазира

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛАСТЫ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
ЖУМАГУЛОВ КАРЫПБЕК
АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ
724700,Тельман айылы, Кулчоро көчөсү,2
тел. (03137) 51-2-99
ИНН 02706199610282
э/э 1290084131110093

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ КАРЫПБЕКА
ЖУМАГУЛОВА
724700, с.Тельман, улица Кулчоро,2
тел. (03137) 51-2-99
ИНН 02706199610282
р/с 1290084131110093

2021 – жылдын № 5

# Маалымат

## 2021-2022-жылдагы Гуманитардык усулдук бирикмесинин сентябрь, октябрь айында иштелген иштеринин анализи

Гуманитардык усулдук бирикмеде жалпысынан 11 мугалим эмгектенет. Окуу жылынын башында усулдук бирикменин иш планы иштелип чыгып, бекитилди. Сентябрь айынан баштап эле алгылыктуу иштер аткарыла баштады. “23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүнө” карата иш-чаралар өткөрүлдү. Аталган иш-чарада саламдашуу,кыргыз тилинин гимни 11-класстын окуучулары, “Кыргыз тилинин тарыхы” аталыштагы доклад 10-класстын окуучулары тарабынан уюштурулду. Мындан сырткары көркөм окуу 2-11, обондуу ыр 2-11, манасчылар 2-11, жамакчы жана дастанчылар 3-11, жаш акын, жазуучулар 9-11-класстар арасында сынактар болуп, активдүү катышып бергендиги үчүн Догдурбеков Байсейит 2-а классынын, Усубалиева Бегимай 4-б классынын, Карыпбеков Бек 8-б классынын, Шергазиев Жанар 4-б кл, Чокморова Айжан 10-кл, Кенжебек к Диана 11-кл, Молдокулов Байэл 10-классынын окуучулары мактоо баракчаларына ээ болушту.

1-а,б класстары класстык ачык сабактарды өтүп беришти. Класс жетекчилер Мамытова Айзада жана Асанбекова Перизат окуучуларга иновациялык ыкмаларды пайдалануу менен жеткиликтүү сабактарды өтүштү. Кыргыз тили тууралуу маалымат берилип, окуучулар эне тили жөнүндө көркөм окууларды аткарышты.

Мектеп ичинде кыргыз тилинин бир айлыгы жарыяланып, ар бир класста жана кыргыз тили залында эне тилди даңазалаган бурчтар уюштурулуп, 5-6-класстар арасында “Кыргыз тили-Мамлекеттик тил” аталышындагы жат жазуу иштери алынды. Башталгыч класстарынын арасында окуу тездиги алынып, аткарылган иштердин анализдери Гуманитардык УБ жетекчисине өткөрүлүп берилди.

Райондук деңгээлде “Эне тилим-эне сүтүм” аттуу темада мыкты эссе сынагы уюштурулуп, аталган иш-чарага 9-11-класстардын окуучулары катышып, 11-классынын окуучусу Асанбекова Фатима мактоо баракчасына ээ болду.

Кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалимдери тарабынан декадага төмөнкү ачык сабактар жана тарбиялык сабак даярдалып өтүлдү:

| № | Сабактын темасы | мөөнөтү | классы | жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | “Жандуу, жансыз заттарды сүрөттөө” | 08.10. | 6-кл | Сыдык кызы Жазира |
| 2 | “Кептин түрлөрү. Сүрөттөөнүн обьектилери” | 07.10 | 8-а кл | Орозалиева К.О. |
| 3 | “Чыңгыз Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгы” | 12.10 | 11-кл | Кошалиева Н.К. |
| 4 | “Кыргыз тилим – мурасым” ачык тарбиялык сабак | 14.10 | 4-а,б<br>5-11 | Бейшенбай к К |

Кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими Сыдык кызы Жазира 6-класстын окуучуларына 8 – октябрь күнү “Жандуу жана жансыз заттарды сүрөттөө” темасындагы ачык сабак өттү. Сабакта ТСО, түстүү сүрөттөр пайдаланылып, окуучуларга жеткиликтүү болду. Сабак бардык структураларын сактоо менен көрсөтмөлүү болду. Мугалим окуучуларды сабак башталгандан кийин 4 топко бөлүп алып, алардын эске тутуу жөндөмдүүлүгүн арттыруучу ар кандай тапшырмаларды берип жатты. Аталган аракеттер сабака катышкан мугалимдер тарабынан бааланып, сабак “эң жакшы” деп табылды.

“Кептин түрлөрү. Сүрөттөөнүн обьектилери” сабагын 11-октябрда Орозалиева К.О. 8-а классына ачык сабак өттү. Сабак бардык структураларын сактап, окуучулар берилген суроолордун бардыгына так жооп берип жатышты. Мугалим окуучуларды сүрөт тарттырып, ага жараша текст түздүрүп, түстүү сүрөттөрдү карап, ой жүгүртүү менен көркөм сөз каражаттарын колдонуп, сүрөттөө аркылуу оозеки баяндатып, сабакты абдан кызыктуу жана көрсөтмөлүү сабак өтүп берди. Сабак “эң жакшы” деп табылды.

Чыңгыз Айтматовдун өмүрү жана чыгармачылыгын чагылдырып, ТСО колдонуу менен Кошалиева Н.К. 11-класстын окуучуларына кыргыз адабияты сабагынан ачык сабак өттү. Сабак бардык структурасын сактоо менен окуучуларга кызыктуу сабак болду. Окуучуларды “Комуз” жана “Калпак” тобуна бөлүп алган. Аларды баалоодо дагы топторго деп атайын

жасалган калпак жана комуз менен баалап жатты. Мугалимдин “Сандар сүйлөйт” ыкмасын мектеп ичинде башка предметтик мугалимдерге таркатуу чечими кабыл алынды. Сабак жалпысынан “жакшы” деп табылды.

14-октябрда Бейшенбай кызы Кулипа концерттик программа коштолгон ачык тарбиялык сабак өттү. Аталган программага 5-11-класстардын арасынан тандалып алынган окуучулар көркөм окуу, обондуу ыр, кыргыз бийлерин, 4-а,б класстары “Сармерден” оюнун тартуулап беришти. Аталган оюнда окуучулар кыздар жана балдар тайпасы болуп эки жаатка бөлүнүп, саламдашуу, көркөм окуу, обондуу ыр, кыргыз бийи, макал, жаңылмач айтышуу, табышмак жашыруу боюнча өз билимдерин , өнөрлөрүн сынашты.

Мындан сырткары кыргыз тили жана адабияты декадасында слайд, дубал гезит, мыкты кол жазма, көркөм окуу сынактары уюштурулуп, “мыкты” деп табылган эмгектер мактоо баракчаларына ээ болушту. Аларды атай кетсем: “Мыкты дубал гезит” 11-класс, “Мыкты слайд” 9-класс жана декадага активдүү катышып бергендиги үчүн 4-а,б, классынын окуучулары, мыкты көркөм окуу сынагында 1-орун Молдокулов Байел, 2-орун Орозбекова Назик Бакытовна, 3-орун Сакенова Нуркыз Нурбековна.

Кыргыз тилинин бир айлыгына арналган иш-чарада кыргыз элинин каада-салтын чагылдырууда 8-б классынын окуучулары, кыргыз бийи сынагында 6-классынын окуучулары активдүү катышып бергендиги үчүн мактоо баракчаларына ээ болушту.

Гуманитардык УБ жетекчиси________Сыдык кызы Жазира

**Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 2-а классынын окуучуларынын окуу тездиги**

| № | Окуучунун аты-жөнү | 1минөттө канча сөз окуду | шар | жай | Нормага жетти | Нормага жеткен жок |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Аскерова А | 47 | + | | + | |
| 2 | Абылмейисов А | 24 | | | | + |
| 3 | Абылбеков А | 42 | | | + | |
| 4 | Анарбеков М | 42 | | | + | |
| 5 | Анарбеков Н | 32 | | | + | |
| 6 | Болотов Б | 26 | | | | + |
| 7 | Догдурбеков Б | 62 | | | + | |
| 8 | Жуматаева А | 31 | | | + | |
| 9 | Кемельбекова А | 29 | | | | + |
| 10 | Караболотов А | 68 | | | + | |
| 11 | Кушбекова А | 69 | | | + | |
| 12 | Кыялбекова Б | Кж | | | | + |
| 13 | Маликов У | 24 | | | | + |
| 14 | Насирова А | 52 | | | + | |
| 15 | Намазбеков И | 10 | | | | + |
| 16 | Соватбеков Н | 12 | | | | + |
| | | | | | | |

2-а класста баардыгы 16 окуучу окуйт.Окуу тездигине Кыялбекова Б келген жок.Баардык балдар окуу тездигин окушту.Нормага жетпей калган окуучулар менен мугалим иш алып баруусу керек.

ОТИ Кошалиева Н К

**Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим берүү орто мектебиндеги 2б-класстарынын 2021-2022-окуу жылындагы биринчи жарым жылдык боюнча окуу тездигин текшерүү**

| № | Фамилиясы жана аты | шар | жай | начар | норма 25 | нормадан ашык | нормага жетпейт | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Ажымуханбетов Марсел | | | мүдүрдөп | | 31 | | |
| 2 | Базарбекова Асылай | | | мүдүрөп | | 49 | | |
| 3 | Даниярова Айкыз | | | мүдүрөп | | 34 | | |
| 4 | Жунушалиев Муслим | | | начар | | | 16 | |
| 5 | Жаныбеков Рамазан | | | мүдүрөп | | 30 | | |
| 6 | Курманбеков Жоодар | | | ката | | | 14 | |
| 7 | Кадырбеков Мустафа | | | ката | | | 19 | |
| 8 | Кадырбеков Мажит | жорго шар | | | | 41 | | |
| 9 | Кенжебекова Арууке | | жай | | | 37 | | |
| 10 | Куштарбекова Раяна | | | | | | | окуп албайт |
| 11 | Молдокулова Нурай | шар | | | | 37 | | |
| 12 | Нурбекова Гулназик | | | мүдүрөп | | 28 | | Р тамг. айт. алб. |
| 13 | Раимкулова Аяна | кк. | | | | | | |
| 14 | Советбеков Акылбек | | | | | | | окуп албайт |
| 15 | Оморова Агнесса | | | | | | | |
| 16 | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |

Текшерген: Бейшенбай кызы К.

Кошалиева Н.

**Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим берүү орто мект ебинин**
**4-а классынын окуу тездиги**

| № | Окуучунун аты жөнү | 1м канча сөз | Шар окуйт | Жай окуйт | 5 | 4 | 3 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Алманбетова З | 96 | + | | 5 | | |
| 2 | Адамкалиева Д | 87 | + | | 5 | | |
| 3 | Сагынбеков М | 45 | | + | | | 3 |
| 4 | Эсенжанова | 91 | + | | 5 | | |
| 5 | Курманбеков К | 93 | + | | 5 | | |
| 6 | Алибеков А | 42 | | + | | | 3 |
| 7 | Таалайбекова М | 101 | + | | 5 | | |
| 8 | Бейшеналиева А | 73 | + | | | 4 | |
| 9 | Курманов Ы | 29 | | + | | | |
| 10 | Кадырбекова М | 48 | + | | | 4 | |
| 11 | Рустамов Б | 48 | + | | | 4 | |
| 12 | Сатыбалдиев А | 119 | + | | 5 | | |
| 13 | Урлан у Н | 65 | + | | | 4 | |
| 14 | Базарбеков Н | 82 | + | | 5 | | |
| 15 | Нааматова М | 100 | + | | 5 | | |
| 16 | Насирова Н | 111 | + | | 5 | | |
| 17 | Каратаев Б | 64 | + | | | 4 | |
| 18 | Чынанов А | 48 | + | | | 4 | |
| 19 | Айбеков У | 85 | + | | 5 | | |
| 20 | Дуйшенбекова Ж | 93 | + | | 5 | | |
| 21 | Молдокулова Н | 80 | + | | 5 | | |
| 22 | Жолдошбеков А | 61 | + | | | 4 | |

4-а класс баардыгы 24 окуучу окуу тездигине 22 окуучу катышты. Окуучулардын баардыгы жакшы окушат.4-класстардын нормасы менен жетишет.Курманов Ы Россиядан жаны келген окуучу .Окуучу тамгаларды тааныйт,бирок жай окуйт.Мугалим окуучу менен иш алып баруусу керек.

ОТИ Кошалиева Н К

**Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 4-б классынын окуучуларынан окуу тездигин алуу**

Мугалими: Мырзагелдиева А.Б.

Текшерген: ТИб/ча д.о.б. Бейшенбай кызы К.

| № | Фамилиясы, аты | Норма | 65/70 | муундап | начар |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Асанбеков Эржан Сыргабекович | | 96 | Жакшы,көр көм | |
| 2 | Асанканова Нурайым Асанкановна | 62 | | | Кайталап |
| 3 | Базарбаева Гулкайыр Бакытовна | 27 | | | Начар |
| 4 | Бекишов Айгиз Майрамбекович | Кж | | | |
| 5 | Салмоорбекова Мырзайым | | 68 | Жакшы | |
| 6 | Докдурбеков Заир Асанович | 46 | | Муундап | |
| 7 | Докдурбеков Дилшат | 20 | | | Начар |
| 8 | Жайылова Акылай Бакытовна | 53 | | | Ката |
| 9 | Жамгырчиев Даниел Раимбаевич | | 73 | Жакшы | |
| 10 | Зарлыков Байэл Куралбекович | 32 | | | начар |
| 11 | Зарлыкова Диана Уланбековна | Кж | | | |
| 12 | Канатов Акниет Канатбекович | | 88 | Жакшы | |
| 13 | Кушбекова Аделя Караболотовна | | 86 | Жакшы | |
| 14 | Караболотова Алтынай | | 130 | Эң жакшы | |
| 15 | Куланов Эрлан Нурбекович | 25 | | | Начар |
| 16 | Калыбекова Жазель Бакытбековна | 57 | | Жай | |
| 17 | Мырзакулов Даниель Мирланович | Кж | | | |
| 18 | Орозкулова Аружан Тилековна | 37 | | | Ката |
| 19 | Нусубалиева Бегимай | | 68 | Жакшы | |
| 20 | Советбеков Алибек Элдиярович | | 131 | Эң жакшы | |
| 21 | Тынчтыкбекова Салима | | | | Эң начар |
| 22 | Хамардинов Ариет Талантбекович | 50 | | | Жай |
| 23 | Шергазиев Жанар Рысбекович | | 113 | Эң жакшы | |
| 24 | Жаманаков Даниель | Кж | | | |
| 25 | Исланов Тилек | | 74 | Жакшы | |

Окуучулардын 50% гана даана, так окуй алышат. Ката окугандары көп . Мугалим ар бири менен жеке иш алып баруусу керек. 4-клсстагы окуу тездигинин нормасы менен окуусуна көңүл буруусу керек.

**Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим берүү орто мектебиндеги 2021-2022-окуу жылында, Гуманитардык Усулдук Бирикмесинин декадасында 5-класстын окуучуларынын мамлекеттик тил боюнча жазган жазуу иштеринин анализи.**

| | | | | | баалары | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| *күнү* | *предмет* | *класс* | *бардыгы* | *катышты* | **5** | **4** | **3** | **2** |
| 05.10.21-ж. | кырг/тил | 5 | 30 | 28 | 5 | 13 | 10 | - |

5-класстын "Кыргыз тили – мамлекеттик тил" деген темада жазышкан жат жазуу ишинде 118 сөз берилип, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө карата тема тандалып алынган. Окуучулар теманы кунт коюп угуу менен бирге , эс тутумун сактоо эрежесин колдонуп туура жазганга аракет жасашты. 5 окуучу «Эң мыкты» деген баага жазышкан. Алар аталган тема боюнча тилдин грамматикалык формаларына көңүл бурушкан. Орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди туура сакташкан. Он үч окуучу "жакшы" деген баага жаза алышты. Ал эми кээ бир окуучулар үндүү тыбыштардан жана ёттошкон тамгалардан ката кетирилгендиги белгиленди.

Катаны көп санда кетирген окуучулардын жазуу иштери боюнча эскертүү берилип, кол жазмасын ондоо жана пунктуациялык эрежелерди туура сактоо боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Мугалим: Бейшенбай кызы Кулипа

**Жумагулов Карыпбек атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде кыргыз тилинин бир айлыгынын жарыяланып, мектеп ичинде атайын жат жазуу иши алынды. Аталган иш-чарага 5-6-класстын окуучулары катышып, жат жазуу ишин алган мугалимдер Сыдык к Жазира, Бейшенбай к Кулипа болду.**

**6-класстын окуучуларынын жазуу ишинин анализи**

Жат жазуунун темасы «Кыргыз тили- Мамлекеттик тил» деп аталып, 127 сөздөн, 3 абзацтан турду. Окуучуларга алгач татаал деп эсептелинген сөздөр, терминдер доскага жазылып, эскертүүлөр берилди. Бирок, ошого карабастан кээ бир окуучулар аларга көңүл кош мамиле жасап, маани бербегендиктен каталарды арбын кетирип алышкан. 6-класста жалпысынан 21 окуучудан 19 окуучу катышты. «5» - 6, «4» - 7, «3» - 4, «2» - 2 окуучулар бааланды. Көпчүлүк окуучулар «улуттук, мамлекеттик, системаларынан, алфавитине, 23-сентябрда, Кыргыз ССР Жогорку Советинин» деген сөздөрдү жазууда одоно каталарды кетиришкен. Сөздөр туура эмес ташымалданып , үтүр белгиси ордуна так коюлбай жана абзацтарга көңүл бурулбай калган учурлар да кездешет. мугалим тарабынан колдон келишинче жардам көрсөтүлгөн, абзацтар көтөрүңкү үн менен окулган, ошентсе да саналуу гана окуучулар абзацтарды белгилеп жазып калышкан. Кыргыз тили деген сөздүн арасына сызыкча белгиси коюлуп калгандыгын да кезиктирүүгө болот. Катар келген үнсүз, үндүү тамгалардын бирден түгөйлөрү да унутта калтырылганын байкоого болот. Жалпысынан окуучулардын жазуу ишин «жакшы» деп баалар элем.

Мындан кийин окуучулардын кол жазмаларына, сөздөрдү ташымалдоо учурларына, терминдик, кесиптик, кыскартылган, бириккен сөздөрдү жазууда көбүрөө көңүл бурулат.